укуктук системадагы, билим берүүдөгү жана турмуштун башка бардык тармактарындагы ролу дээрлик бардык мусулман өлкөлөрүндөгү коомдук талкуунун актуалдуу темасына айланды. Айрыкча мындай коомдук-саясий талкууларда көпчүлүк мусулман өкмөттөрүнүн жүргүзгөн аракеттеринин натыйжасыздыгы, улутчул идеологиялардын ийгиликсиздиги, батыш баалуулуктарынан түңүлүү, өз иденттүүлүгүн аныктоого умтулуу маселелери курч коюлуп атат.

Ошол эле учурда мусулмандар менен башка цивилизация өкүлдөрү ортосундагы байланыштын кээ бир формалары болгонун белгилеп, алардын айрымдары төмөндө келтире кетели.

1. Батыштын либералдык стандарттарын мусулман дүйнөсүнө күч менен кысымга алуу жана таңуулоо. Бул албетте, табигый түрдө реакция кылуунун эң оор формаларын пайда кылат.
2. Элита менен келишүү аркылуу мусулман дүйнөсүн акырындык сиңирүү жана жана тарбиялоо менен эл аралык системага кошуу аракеттери. (Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Германия жана Япония же акыркы убактагы постсоветтик өлкөлөргө карата жүргүзүлгөн саясат).
3. Ислам коомчулугунун көптөгөн өкүлдөрү ислам экстремизми жана ислам фундаментализми түшүнүктөрүн ажыратууну талап кылышууда. Алар салттуу баалуулуктарга чектеш ислам демократиясына өтүү келечегин караштырууну сунуш кылышат.
4. Акыркы жылдары дүйнө жүзү боюнча ислам фундаментализминин таасири күчөгөнү байкалды.

Ислам менен батыштын диалогун татаалданткан дагы бир көйгөй бар. Бул классикалык исламдын өзүндөгү суннизм менен шиизмдин ортосундагы ажырым күчөп бараткандыгы.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Алексеев И.Л. Цивилизационные параметры исламского фундаментализма: к постановке п роблемы. – Профи. Аналитическая группа: Стратегия, Азия, Восток, Россия. [Электронный р есурс]. Режим доступа: – http://profi.gateway.kg/alekseev
2. Кирабаев Н. С. Политическая мысль мусульманского средневековья. М., 2006, 131 с.
3. Малашенко А., Филатова С. Религия и глобализация на просторах Евразии. – Московский центр Карнеги. – М., 2005. 343 с.
4. Маудуди, Сайид Абу-л-Ала. Политическая теория ислама. Основы ислама. // Отечественные записки. – М., 2003. – №5. С. 234-240.
5. Ярлыкапов А.А. Исламский фундаментализм на Северном Кавказе: к постановке проблем ы // Бюллетень Центра социальных и гуманитарных исследований Владикавказского институ та управления и Владикавказского центра этнополитических исследований Института этноло гии и антропологии РАН. – №3. – Владикавказ, 1999. – С. 5-19

УДК 297
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-275-279

**Исмаилов Шукур Арпидинович**
И. Арабаев атындагы КМУ, теология кафедрасынын доценттин м.а.
**Исмаилов Шукур Арпидинович**
КГУ им. И. Арабаева, и. о. доцента кафедры теологии,
**Ismailov Shukur Arpidinovich**
KSU I. Arabaeva, and. about. associate professor of Department of Theology

# ТАССАВВУФДУН КАЛЫПТАНУУСУ ЖАНА АНЫН ӨНҮГҮҮ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ
# ФОРМИРОВАНИЕ СУФИЗМА И ЕГО РАЗВИТИЕ ТЕНДЕНЦИЙ
# THE FORMATION OF SUFI AND ITS DEVELOPMENT OF TRENDS

**Аннотация:** макалада суфизмдин акыйкатын тарыхый-философиялык талдоо, анын идеялык башаттарын, онтологиялык жайларын, теологиялык жана идеологиялык маңызын ачып берүү маселелери каралды. Ошондой эле, Орто Азияда кеңири жайылган суфизмдин руханий иш-аракеттеринин жана кыймылдарынын жалпылыгы каралат. Коом менен мусулман эзотерикалык каада-салтынын тарыхы орто кылымдарда башталат, ошол мезгилде мусулман дүйнөсү Орто Азияга олуттуу таасир тийгизип, ислам маданиятынан дем жана билим алганы берилди.

**Аннотация:** в статье рассматривается историко-философский анализ сущности суфизма, раскрытие его идейных истоков, онтологических предпосылок, теологической и мировоззренческой сущности. Также, рассматривается совокупности духовных практик и движений суфизма, получивших широкое распространение в Средней Азии. История взаимоотношений общества и мусульманской эзотерической традиции берет свое начало в период Средневековья, когда мусульманский мир оказывал значительное влияние на Среднюю Азию, черпавшую вдохновение и знания в культуре ислама.

**Abstract:** the article deals with the historical and philosophical analysis of the essence of Sufi, the disclosure of its ideological origins, ontological premises, theological and ideological essence. Also, the totality of spiritual practices and movements of Sufi, which have become widespread in Central Asia, is considered. The history of the relationship between society and the Muslim esoteric tradition dates back to the Middle Ages, when the Muslim world had a significant impact on Central Asia, which drew inspiration and knowledge from the culture of Islam.

**Негизги сөздөр:** сопулук, тасаввуф, тарых, философия, коом, муслман, руханий, аскетизм.

**Ключевые слова:** суфизм, тасаввуф, история, философия, общество, мусьльман, духовный, аскетизм.

**Keywords:** Sufi, tasawuf, history, philosophy, society, Muslims, ruhaniy, asceticism.

Адам баласы жаралгандан бери эле руханий тарбиялануута муктаж болуп келет. Өзгөчө дүйнө жүзүндө учурдун эң бир маани берип, көңүл бура турган актуалдуу маселеси. Анткени коомчулуктагы көйгөйлөрдүн көпчүлүгү руханий тарбиянын жоктугунан болуп жаткандыгы ачуу чындык.

Албетте адам баласы өзүнүн улуттук баалуулуктарына, этикалык жана нравалык нормаларына баш ийип жашамайын, турмуш тартибин мыйзам ченемдүү алып бармайын жакшы жашоого жете албасы анык. Мына ошол ишеним, ошол тартип кыргыз элин кылымдар бою сактап келет. Эми ошол улуттук баалуулуктар руханий тарбия менен жуурулушуп, жашоо

мыйзамы менен айкалышса жарандардын бүгүнкүсү жана эртеңкиси ишенимдүү, туруктуу болмок. Кыргыз эли эзелтен адеп-ахлак, каада-салтка таянган эл. Каада-салт, үрп-адат бекем сакталып, адеп-ахлак арыш алмак – келечекке кадамдар кенен ташталмак. Дал ушул изги тилектерди ишке ашырууда сопулуктун орду айныксыз. Баса, сопулук тээ Мухаммед пайгамбардын (ас) дорунан келе жаткан улуу мурас...

Аллах тарабынан вахий (жашыруун кабар) Пайгамбарга (ас) эки жолдо келген: алардын бири Ыйык Куранда жана анын мазмунунда, экинчиси анын жүрөгүндө илхам катары катылган. Бул маселеде мусулман илимпоздорунун ортосунда талаш жок.

Бирок, Пайгамбарга (ас) келген вахийнин бул эки түрүн бурмалап, башкача түшүнгөндөр да бар. Алсак, Джон Субхан «Суфизм. Его святые и святыни» [1], аттуу эмгегинде: «вахийнин биринчи түрү бардыгы үчүн арналган жана бардык адамдарды байланыштырган, ал эми экинчиси мураскерликтин белгилүү линиялары аркылуу тандалган бир нече адамдарга берилиши керек болчу, мындан Мухаммед пайгамбардын (ас) таалимдери жөнөкөй тилде китеп таануу жана жүрөк таануу, деп аталарын, биринчиси уламалардын доктриналык окуусуна кирсе, экинчиси суфийлердин катуу эзотерикалык, мистикалык окуусуна кирерин жазган». Албетте, Джон Субхандын жогоруда айткандарына кошула албайбыз, биздин көз карашыбыз боюнча мындай түшүнүк туура эмес, чындыкка дал келбейт.

Көптөгөн мусулман авторлору тасаввуф (сопулук) Мухаммед (ас) тирүү кезинде эле болгонун ырасташат. Биздин оюбуз боюнча бул туура. Ислам дининин жаңылануу процессинин жүрүшү менен адам баласынын жашоосунун багыты башка нукка бурулган. Кол өнөрчүлүктүн жана экономиканын өнүгүшү менен бирге эле диний жана дунябий (светтик) билимдердин өнүгүшүнө ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Ошентип, VIII кылымдын экинчи жарымында – IX кылымдын биринчи жарымында светтик илим-билим интенсивдүү өнүгүүгө жол тартакан. Бул боюнча Ибну Халдундун табият таануу жана теология илиминин өнүгүү тарыхы боюнча айткан сөздөрүн мисал катары айтууга болот. Ал өзүнүн эмгегинде мындай деп жазган: «Билип кой, шаарларда изилдөө жана окутуу предмети катары кызмат кылган илимдер эки түргө бөлүнөт: а). табигый жол менен алынган илим, ал ага спекуляциялык жол менен ээ болот; б). салттуулук жол менен алынган илим, ал аны пайдубалын түптөгөн адамдан үйрөнүү жолу менен кабыл алат [6].

Тасаввуф илими деле, Ибну Халдун жогоруда айткан илимдин башка тармактарынын катарында пайда болгон жана өнүккөн. Кандай болгон күндө да Тасаввуфтун пайдубалын түзгөн аскеттик-мистикалык сезимдер дээрлик Ислам менен бир убакта пайда болгон. Бул илимди Мухаммед пайгамбардан (ас) мурастап, башкаларга өткөрүп берүү озуйпасы, Абу Дарда (ра), Абу Зарр (ра), Хузайфа (ра) сыяктуу улуу сахабаларга таандык. Пайгамбар (ас) Мединага көчүп келгенден кийин, ал жерде мечит түптөп, мечиттин алдында аз камсыз болгон сахабалар үчүн баш-баанек шартын түзүп берген. Ошол баш-баанек жайы – ислам тарыхында «Ахлу ас-Суффа», деп аталган. Бул аз камсыз болгон сахабалар үчүн эки жакшылыкты бир алып келген пайгамбардын белеги – ибадат менен илимге шарттын түзүлүшү болгон. Биринчиден Ахлу ас-Суффада жашаган сахабалар, көпчүлүк учурда пайгамбар (ас) менен күнү-түнү бирге болгондуктан күнү-түнү илим алуу мүмкүнчүлүгү болгон. Экинчиден Ахлу ас-Суффада жашаган сахабалардын негизги жашоо программалары ибадат менен илим болгондуктан өздөрүнүн напсыларынын каалоолоруна чектөө киргизип, аскеттик жашоого баш оту менен киришкен. Ал эми Тасаввуф – аскетикалык-мистикалык окуусу ислам илимдеринин тармагы катары калыптанышы жогоруда айтылгандай, VIII кылымдын экинчи жарымы IX кылымдын башына туура келет.

Умар ибну аль-Хаттабдан (ра) берилген хадисте: «Биз, бир күнү Аллахтын элчиси (ас) менен чогуу отурганыбызда, апапак кийин, чачы капкара, өңүндө сапардын белгиси жок, чоочун адам келди да, Пайгамбар (ас) жакын келип, тизесин тизесине тийгизип, колун сандарына койду да: «Оо, Мухаммад, мага Ислам жөнүндө айтып берчи», - деди. Ал ага: «Ислам – Аллахтан башка кудай жок экенине жана Мухаммад Алланын элчиси экендигине күбөлүк берүүң, намазды тургузууң, зекет берүүң, Рамазандын орозосун кармооң жана чамаң жетсе, ажылык кылууң» - деди. Ал: «Туура айттың», - деди. Биз анын сурап, анан кайра аны тастыктаганына таң калып турдук. Тиги киши: «Мага ыйман жөнүндө айтып бер», - деди. Ал ага: «Аллахка, Анын periштелерине, китептерине, пайгамбарларына жана акырет күнүнө ишенүүң жана тагдырга – анын жакшы-жаманына ишенүүң», - деди. Ал дагы: «Туура айттың», - деди. Анда мага Ихсан жөнүндө айтып бер деди: Ал ага: "Аллахты көрүп тургандай ибадат кылууң, сен аны көрбөгөнүң менен, ал сени көрүп турат", – деди. Ал: «Анда мага Кыямат тууралуу айтып бер», - деди. Ал ага: «Бул жаатта, суралып жаткан киши суроо берип жаткан кишиден илимдүү эмес», деди. Ал: «Анда анын белгилерин айтып берчи», - деди. Ал ага: «Күң өзүнүн кожойкесин төрөп, жылаңач, жылаңаяк койчулар имараттарды узартканың көрүүң», деди да, тиги киши кетип калды. Пайгамбар (ас) азыраак унчукпай турду да, анан: «Эй, Умар! Сураган ким экенин билесиңби», - деди. Мен: «Аллах жана Анын элчиси жакшыраак билет», - деп жооп бердим. Анда ал: «Бул Жебреил (ас), силерге диниңерди үйрөтүү үчүн келди», - деди. [Муслимдин риваяты]

Бул хадисте илимдин үч тармагы жөнүндө сөз болот:

1. Ислам илимдери – фикх илимдери;
2. Акыйда илимдери;
3. Тасаввуф илимдери.

Демек, Фикх илимдери менен Акыйда илимдери Куран менен Суннага негизделген сыяктуу эле Тасаввуф (сопулук) илимдери да Куран менен Суннага негизделген, мында талаш болбошу зарыл.

Философиялык энциклопедиялык сөздүктө генезис – грекчеден которгондо келип чыгуу, пайда болуу дегенди туюндурат. Ал эми колдонуудагы маанисинде, келип чыгышы жана андан кийинки өнүгүү процесси дегенди түшүндүрөт. Ушул өңүттөн алып караганда, тасаввуфдун генезиси жана анын өнүгүшү проблемасын изилдөө максатка ылайыктуу.

Ошондуктан, Тасаввуф илимдин тармагы катары пайда болуу генезисин изилдеп көрөлү. А.Нарынбаевдин изилдөөсү боюнча, «Суфизм азыркы Ирак менен Сириянын аймагында пайда болгон. Анын пайдубалы IX кылымда Египеттик зун-Нун аль-Мисрий (850-ж.) жана Багдад мектебинин негиздөөчүсү Абу Абдулла аль-Мухасибий (857-ж.) тарабынан түптөлгөн. Ал эми тасаввуфдун Орто Азияга тарашы IX-XI кылымдарга таандык. Ошентип, суфийлик окуу мусулман Чыгыш өлкөлөрүндө өнүккөн» [2].

Негизинен окмуштуу А.Нарынбаевдин көз каршы илимий жактан туура, деп жыйынтык чыгарууга болот. Демек, Тасаввуфдун илим катары калыптануусу VIII экинчи жарымы – IX кылымдын башына дал келет. Ооба, ал кезде «тасаввуф» жана «суфий» терминдери кеңири колдонула элек болчу. Алардын ордуна зухд (тыйылуу, дүйнөдөн баш тартуу) жана заахид (тыйылуучу) же ага жакын вараъ (такыбалыктын туу чокусу) сөздөрү колдонулганы анык.

Бирок, исламдагы аскеттикалык-мистикалык мектептин алгачкы өкүлдөрү – тасаввуф окуусуна негиз салгандардын сап башында, аль-Хасан аль-Басрий (рх), Абу Сайид ибну Абул Хасан Йасар (642-725) сыяктуу залкарлар турат. Алар ички дүйнө илиминин негиздөөчүлөрү,

деп эсептелиши бекеринен эмес. Булар ачкан ички дүйнөнүн башаты болгон «жүрөк» менен «ой» – тасаввуфдун чыныгы, ажайып жүзүн ачып берет.

Алсак, ислам энциклопедиясынан алынган маалымаатарга ылайык, Басрийлик аскеттердин билдирүүлөрүндө жана насааттарында: «Аллахка болгон сүйүү, ашык болуу, эңсөө, ага жакын болуу каалоосу» даңазаланган. Мында, Хасан аль-Басринин (рх) – Рабах ибну Амр, Рабия аль-Адавия, ад-Дарани (VIII кылымдын аягы – IX кылымдын башы) сыяктуу шакирттери эбегейсиз зор ролун айтууга болот. [3]

Демек, Суфизмдин генезиси жөнүндөгү көйгөйдү изилдөөдө биринчи кезекте суфизмдин өкүлдөрүнүн өздөрүнүн эмгектерине өзгөчө көңүл буруу туура болот. Анткени, бул жаатта алардын эмгектеринде чындык так берилген. Ислам аалымдары туура белгилегендей, суфизм тарыхы боюнча эң баалуу булактардын бири – шейх Фаридуддин Аттардын (1229-ж.) «Тазкиратул-авлия» («Олиялардын эскермеси») аттуу эмгеги, анда суфийликтин көрүнүктүү 70 инсандын өмүр баяны камтылган.

Шейх Фаридуддин Аттардын китебинде түрдүү доорлордогу суфийликтин өкүлдөрүнүн өмүр баяны менен бирге бул доктринанын философия, теология жана этикалык концепцияларына байланыштуу шейхтердин айткандары жана теориялык позициялары да келтирилген, бул эмгек суфийликтин эволюциясын байкоого жакшы мүмкүндүк берет.

Бул жаатта, Абдурахман Жаминин (1414-1492) «Нафахатул-унс» («Достук желинин деми») чыгармасы өзгөчө мааниге ээ. Анда алгачкы VIII кылымга таандык суфийликтин өкүлү Абдухашим Куфиден тарта, XIV кылымдын залкар акыны Хафиз Шерозиге чейин кызыктуу маалыматтар берилген. Эмгекте жалпысынан 588ге жакын суфий шейхтери, 33 суфийликтин аял өкүлдөрү жөнүндө тарыхый маалыматтарды жазган.

Белиглүү акын Алишер Навои (1441-1501) суфийлик тарикаттын жолун жолдогон Накшбандия тарикасынын тарыхы боюнча атайын эмгек жараткан. Анын «Насаимул-мухаббат мин Шамайимул футувват» аттуу атактуу эмгеги Орто Азиядагы тасаввуфтун тарыхын изилдөө үчүн оригиналдуу булак болуп саналат. Анда биринчи жолу суфийликтин Орто Азиялык өкүлдөрү – түрк шейхтери тууралуу маалыматтар берилген.

Тасаввуфтун Орто Азия тарыхынын генезисин изилдөөдө эң баалуу булактардын бири, «Ас-Сафи» деген ат менен белгилүү Фахриддин Али ибну аль-Ваиз аль-Кашифинин (1532-жылы өлгөн), «Рашахат айн аль-хаят – Жашоо булагынын тамчылары» деген трактаты болуп саналат. Бул китептин баалуулугу, суфий шейхтеринин өмүр баяны жана таалимдери камтылгандыгында, алардын арасында «Накшбандия» шейхтеринин өмүр баяны негизги орунда турат. Автор 94 шейхтин атын, өмүр таржымалын жана мүнөздөмөлөрүн келтирип, силсиланы (чынжырды) Кожо Ахрарга жана андан ары алып барган. [4]

Тасаввуфдун пайда болушунун жана анын өнүгүшүнүн тарых наамасы боюнча көптөгөн пикирлер жана изилдөөлөр бар. Орто кылымдардагы сопулук жөнүндө жазган авторлорго буларды атоого болот:

- ас-Сулами Абу Абдурахман Мухаммад ибну Хусайн (942-1021-жж.).

- аль-Ансари аль-Харави, Абу Исмаил Абдулла ибну Мухаммад (1006-1089-жж.), сопулуктун хорасан мектебинин ири өкүлү, көптөгөн классикалык суфий чыгармаларынын автору.

- аль-Хужвири, Абул-Хасан Али ибну Усман аль-Газнави аль-Жуллабий (1072-1076-жж.), ханбалий мазхабынын белгилүү өкүлү, сопулук боюнча тарыхын, анын маңызын, суфийлердин дүйнө таанымын жана практикасын системалуу түрдө чагылдырган сопулук боюнча перс тилиндеги эмгек.

Хорасан менен Мавараунnахрдан чыккандар суфийлердин алгачкы катмарын түзгөн. Мунун маани-маңызы туурасында окумуштуу Н.И. Конрад [5] IX-XI кылымдардагы Чыгыш кайра жаралуусунун көйгөйлөрүн изилдеген. IX-XI кылымдардагы ислам дүйнөсүнө, анын ичинде Борбордук Азиянын ислам дүйнөсүнө кайрылсак, бул кылымдарда илимдин ар тараптуу гүлдөп өскөн учуру эле да.

Борбордук Азия мурунку доорлордо деле адамзат цивилизациясынын эң маанилүү булактарынын кесилиши жана өзү деле бул цивилизациянын борборлорунун бири болгон. Ошондуктан IX-XI кылымдардагы Борбордук Азия дүйнөсүнүн илимий алдыңкы ишмерлери өз принциптери менен билимдин, агартуунун жаңы баскычтарын жаратып, өз доору менен байыркы дүйнөнүн ортосунда жаткан кандайдыр бир тарыхый тилкеден суурулуп чыга алышканын Н.И. Конрад жакшы ачып берген.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Джон А. Субхан. Суфизм. Его святые и святыни. – М. - Санкт-Петербург: Изд-во «Диля», 2005. – С. 11.
2. Нарынбаев А. Избранные произведения – Бишкек: Илим, 2004. – С. 202-203.
3. Ислам: Энциклопедический словарь. – М.: Наука, 1991. – С. 225.
4. Шодиев Р.Т. Суфизм в духовной жизни народов Средней Азии (IX-XIII вв.): Дисс... докт. филос. наук. – Самарканд: СамГУ, 1993. – С. 41-43.
5. Конрад Н.И. Запад и Восток. – М.: Главная редакция восточной литературы, 1972. – С. 81-82.
6. Ибну Халдун. Введение. (Фрагменты) // В кн.: Избранные произведения мыслителей стран Ближнего и Среднего Востока. – М., 1971. – С. 622.



УДК 297
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-279-285



**Исмаилов Шукур Арпидинович**
И. Арабаев атындагы КМУ, Теология кафедрасынын доценттин м.а.
**Исмаилов Шукур Арпидинович**
КГУ им. И. Арабаева, и. о. доцента кафедры Теологии,
**Ismailov Shukur Arpidinovich**
KSU I. Arabaeva, and. about. associate professor of Department of Theology


## ТАСАВВУФ ЖАНА АНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
## СУФИЗМ И ЕГО ОСОБЕННОСТИ
## SUFI AND ITS FEATURES


**Аннотация:** макалада тасаввуф (сопулук) жөнүндө негизги түшүнүк – аныктамалар каралды. Тасаввуф тууралуу белгилүү аалымдардын орто кылымдардан тарта учурдагы мезгилге чейин айткан сөздөрү, эмгектери жана сопулук өзгөчөлүктөрү каралды. Тасаввуф – 8-кылымдын ортосунда 9-кылымдын баш чендеринде түптөлө баштаган ислам дининдеги мистикалык багыт экени, 9-кылымда соплуктун ири өкүлдөрү агымдын теориясын жана практикасын иштеп чыгышканы, Диний устаттардын (шейх, муршид, пирлердин) жетекчилиги астында менен шакирттер даярдалганы, 9-11-кылымдардагы сопулуктун жол-